№ 3438-ФХД/25 07.07.2025

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

## БУЙРУК

(Ош мамлекеттик университетинде чет тилин билүү деңгээлине карата кошумча дем берүүнү уюштуруу жобосу жөнүндө)

2025-жылдын 30-апрелиндеги ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде № 7 протоколунун чечиминин негизинде ар түрдүү 4.1. өндүрүштүк маселеде каралган Ош мамлекеттик университетинде чет тилин билүү деңгээлине карата кошумча дем берүүнү уюштуруу жөнүндө жобосун бекитүү боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. 2025-жылдын 4-апрелиндеги № 21 административдик кеңешинде талкууга алынып Окумуштуулар кеңешине бекитүүгө сунушталган «Ош мамлекеттик университетинде чет тилин билүү деңгээлине карата кошумча дем берүүнү уюштуруу жөнүндө» жобосу тиешелүү структуралык бөлүмдөрү менен макулдашып, бекитилсин.

2. ОшМУнун сайтына кыргыз, орус тилдеринде жайгаштыруу эл аралык билим берүү программалар колледжинин директору К. А. Рамашовго милдеттендирилсин.

3. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун окуу иштери боюнча проректор, доцент Р. Н. Арапбаевге жүктөлсүн.

***Негиз:*** *ОшМУнун эл аралык билим берүү программалар колледжинин директорунун билдирүүсү, жобонун долбоору, ректордун сунушу.*

**ОшМУнун ректору, профессор** **К. Г. Кожобеков**

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

№ 3438-ФХД/25 07.07.2025

| | |
|---|---|
| | Ош мамлекеттик университети |
| *(Документтин шифри)* | Чет тилдер борбору |
| *(Беттин саны)*<br>*(Бекитилген датасы)* | Ош мамлекеттик университетинде чет тилин билүү деңгээлине карата кошумча дем берүүнү уюштуруу жөнүндө"<br>ЖОБО |

**ОшМУнун ректорунун**
**№ _________ (__.__.2025)**
**буйругу менен БЕКИТИЛДИ**

# "Ош мамлекеттик университетинде чет тилин билүү деңгээлине карата кошумча дем берүүнү уюштуруу жөнүндө" ЖОБО

**2025-жыл**

№ 3438-ФХД/25 07.07.2025

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | "Ош мамлекеттик университетинде чет тилин билүү деңгээлине карата кошумча дем берүүнү уюштуруу жөнүндө" ЖОБО |
| Документтин теги | ОшМУнун академиялык саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилген күнү | ОшМУнун административдик кеңешинин 2025-жылдын 7-апрелиндеги талкууланып, жактырылган. 2025-жылдын 30-апрелиндеги ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин протоколунун чечими менен кабыл алынган. |
| Документтин шифри | |
| Документтин кыскача аннотациясы | Жободо ОшМУнун кызматкерлерине чет тилин билүү деңгээлине карата дем берүүчү кошумча акы төлөөнүн, тил билүү деңгээлин аныктоочу эл аралык уюмдарды таанунуун жол-жоболорун, тартибин аныктап турат. Жобо университеттин академиялык саясатынын документи болуп эсептелинет. |

## ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| Ченемдик документтин паспорту | 2 |
| 1. Жалпы жоболор | 1 |
| 2. Колдонуу чөйрөсү | 1 |
| 3. Максаты | 1 |
| 4. Аныктамалар | 1 |
| 5. Жоопкерчилик | 1 |
| 6. Негизги жоболор | 2 |
| 7. Чет тилдер борбору | 2 |
| 8. Сертификат жарамдуулугу | 1 |
| 9. Кызматкердин милдеттери | 1 |
| 10.Кошумча акы төлөөнүн күчүнө кириши жана токтотулушу | 1 |

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

Бул Жобо 2023-жылдын 11-августундагы № 179 Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамын, 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Прогаммасын, 2024-жылдын 2-июлундагы КР Билим берүү жана илим министрлигинин «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын окутуучуларынын чет тилдерин билүү деңгээлин жогорулатуу жөнүндө» буйругун жетекчиликке алуу менен иштелип чыкты.

*Бул Жобо өзүнө төмөнкү жол-жоболорду камтыйт:*

- Эл аралык абройлуу тил билүү деңгээлин тастыктоочу уюмдардын тизмесин түзүүнү, бекитүүнү жана таанууну;
- Тил билүү деңгээли боюнча төлөнүүчү каражаттын суммасын аныктоону, бекитүүнү;
- Кызматкерлерге чет тилин билүү деңгээлине карата дем берүүчү кошумча акы (мындан ары-кошумча акы) төлөөнүн жол жобосун;

2. КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

«Ош мамлекеттик университетинде чет тилин билүү деңгээлине карата кошумча дем берүүнү уюштуруу жөнүндөгү» Жобо (мындан ары-Жобо) Ош мамлекеттик университетинин (мындан ары- университет) башкаруу, окутуу, тейлөө тармагында эмгектенип жаткан баардык кызматкерлерине карата жайылтылат.

3. МАКСАТ

***Тастыкталган чет тилин билүү деңгээлине карата кошумча дем берүүчү акы төлөөнүн максаты:***

- Университетте көп тилдүүлүктү жайылтуу;
- Университеттин кызматкерлеринин чет тилин билүү деңгээлин жогорулатуу жана шыктандыруу;
- Адам ресурстарын натыйжалуу пайдалануу, чет тилин билүү деңгээли жогору, квалификациялуу кызматкерлерди ишке тартуу жана жумушта кармап калууга түрткү берүү.

4. АНЫКТАМАЛАР

**Дем берүүчү кошумча акы**- Ушул Жобого ылайык тил билүү деңгээлин тастыктаган жана ал кызматкерге карата эмгек акысына кошума төлөм катары белгиленген мөөнөт ичинде төлөнүүчү үстөк акы;

**Чет тилин билүү деңгээли**- Жаранга ошол тилде натыйжалуу сүйлөй алуу, түшүнүү, окуу жана жазуу жөндөмүнө карата тиешелүү эл аралык тил билүү деңгээлин тастыктоочу уюмдар тарабынан берилген тастыктама баасы;

5. ЖООПКЕРЧИЛИК

Жобонун аткарылышын университеттин Тышкы байланыштар боюнча түзүмдүн алдындагы «Чет тилдер борбору» (мындан ары- борбор) камсыздайт.

6. НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР

6.1. Бул Жобого карата келип түшкөн олуттуу сунуштардын негизинде борбор тарабынан Окумуштуулар Кеңешинине өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү чечими сунушталышы мүмкүн;

6.2. Жободо көрсөтүлбөгөн жагдайлар университтин башка ички ченемдик актылары менен жөнгө салынат;

6.3. Кошумча акы төлөө борбор жетекчисинин билдирүүсү боюнча ректордун буйругунун негизинде ишке ашырылат;

6.4. Жобонун аткарылышында университеттин ички түзүмдөрүнүн ортосунда биргелешкен аракеттер жүрөт жана бул жараян борбор тарабынан координацияланат;

6.5. Өтүнүч канаатандырылган учурда кошумча акы төлөө боюнча кызматкер менен университеттин ортосунда кошумча келишим түзүлөт. Келишимде кошумча акы төлөө эрежелери, мөөнөтү жана төлөмдүн өлчөмү көрсөтүлүүгө тийиш;

6.6. Кошумча акы ушул Жобонун 8-бөлүмдүн баардык пунктарына ылайык жана 1- тиркемеге дал келген учурда 3 жылга чейин төлөнөт;

6.7. Тил билүү деңгээлине карата берилүүчү кошумча акы кызматкердин негизги эмгек акысынын бир бөлүгү болуп саналбайт;

6.8. Test of English for International Communication Listening and Reading (TOEIC L&R) сертификатына кошумча акы төлөө төмөнкү учурларга карата колдонулат:

- Негизги же экинчи тил катары англис тилин үйрөтүүгө байланышкан дисциплиналардан сырткары университеттин көп тилдүүлүк саясатына ылайык кабыл алынган чечимдин негизинде англис тилинде милдеттүү окутуу жүргүзүүгө тийиш болгон дисциплиналарды (мисалы:математика, тарых ж.б.) окуткан окутуучуларга;
- Окутуучунун негизги окуу жүктөмү окутуу милдеттүү англис тилинде жүргүзүлүүгө тийиш болгон агымдардын негизинде түзүлгөн болуусу шарт;
- Дипломдогу ыйгарылган квалификациясы англис тилинен окутуучу жана котормочу болбогон, англис тилинде милдеттүү окутуу жүргүзгөн окутуучуларга;

6.9. Сертификациялоо чыгымдарын ордун толтуруу жөнүндө өтүнүчтөр чыгымдардын мүнөзүн жана себептерин жетиштүү түрдө баяндоо менен коштолууга тийиш;

6.10. Сертификациялоо чыгымдарын ордун толтуруу жана кошумча акы боюнча өтүнмө менен кайрылуу милдеттүү болуп саналбайт, сертификат ээсинин каалоосуна жараша жүргүзүлөт;
6.11. Бул Жобонун негизинде төлөнүүчү төлөмдөр университеттин өздүк каражаттарынын эсебинен төлөнөт;
6.12. Кызматкер бир учурда бир нече чет тилин билгендиги үчүн дем берүүчү акы ала алат.

7. ЧЕТ ТИЛДЕР БОРБОРУ

7.1. Борбор чет тилин билүү деңгээли жогору, квалификациялуу кызматкерлерди университетке ишке тартуу жана кармап калуу, учурдагы жана келечектеги чет тилин билген адистерге карата муктаждыктарды эске алып, түзүмдөр менен биргеликте чет тили боюнча кадр даярдоону, кадр таңкыстыгын алдын алууну жана аны натыйжалуу пайдаланууну жолго койгон стратегиялык планды иштеп чыгат жана ишке ашырат;
7.2. Кызматерлерге тил деңгээлин тастыктоо жараянан ийгиликтүү өтүүсүнө ар тараптуу көмөктөшөт;
7.3. Эл аралык тил деңгээлин тастыктоочу (сертификациялоочу) абройлуу тестирлөө уюмдары менен кызматташууну жолго коет жана өнүктүрөт;
7.4. Ушул Жобонун 1- тиркемесине карата университеттин түзүмдөрүнөн, башка кызыкдар тараптардан келип түшкөн сунуштарды талдайт, негиздүү сунуштарды тиешелүү түзүмдөр менен макулдашуу аркылуу Окумуштуулар Кеңешине бекитүүгө сунуштайт;
7.5. Университет тарабынан таанылган же өзгөртүү/толуктоо киргизилген сертификаттоочу уюмдардын тизмесин окуу жайдын веб-сайтына жайгаштырууну уюштурат;
7.6. Борбор тарабынан бул Жобону аткарууда (зарылдыкка жараша) талап кылынуучу документтердин тизмеси иштелип чыгат, бекитет;
7.7. Ушул Жобонун 9.1. пунктуна ылайык өтүнмөлөрдү кабыл алууну уюштурат жана анын үстүнөн оң же терс чечим кабыл алынганга чейин иштин жүрүшүн жетектейт;
7.8. Өтүнмөнүн негизинде сертификаттын аныктыгын тастыктоо боюнча иш жүргүзөт;
7.9. Сертификатты аныктыгын тактоо иштеринин жыйынтыгында оң бүтүм кабыл алынган учурда кызматкерге дем берүүчү кошумча акы төлөөгө уруксат берүүнү ректордун буйругунун негизинде бекитет;
7.10. Сертификатты тактоо учурунда терс бүтүм кабыл алынса, талапкерге 2 жумушчу күндүн ичинде жыйынтыгы тууралуу билдирүү берет;
7.11. Кызматкер тарабынан жалган маалыматтар камтылган иш-кагаздарын тапшырылгандыгы аныкталган учурда тартиптик чара көрүү же келтирилген чыгымдын ордун толтуруу аракеттин жүргүзөт;

7.12. Келишимдеги кошумча акы төлөө мөөнөтүнүн аяктай тургандыгы тууралуу билдирмени кызматкерге 3 ай алдын билдирет;
7.13. Сертификаттардын нотариалдык күбөлөндүргөн көчүрмөсү же борбор тарабынан аныктыгын тастыктаган бүтүм борбордо окутуучунун өздүк делосунда сакталышын камсыздайт;
7.14. Бул Жобонун негизинде жүргүзүлгөн иш-аракеттерде ачык айкындуулукту камсыздайт;
7.15. Бул Жобонун алкагында өз ара иш-аракеттерди жүргүзүүдө негизги байланыштыруучу каражат катары электрондук почта пайдаланылат.

8. СЕРТИФИКАТ ЖАРАМДУУЛУГУ

8.1. Борборго өтүнмөнү жана тастыктоочу документтерди тапшырган учурда, университетте таанылган тил деңгээлин аныктаган сертификатын мөөнөтү жарактуу болуусу шарт;
8.2. Жарактуулук мөөнөтү чектелген сертификаттар өтүнмө канаатандырылган күндөн тартып 3 жылдан ашпаган мөөнөткө жарактуу болот;
8.3. Жарактуулук мөөнөтү чектелбеген (көрсөтүлбөгөн) сертификаттардын ыйгарылган күнү өтүнмө келип түшкөн учурда 2 жылдан ашпаган мезгилди түзсө, өтүнмө канаатандырылган учурдан тартып 3 жылга чейин кошумча төлөм алууга жарактуу;
8.4. Жарактуулук мөөнөтү чектелбеген, ыйгарылган мезгили 2 жылдан ашпаган сертификат менен бир жолу гана өтүнмө кабыл алынат. Мөөнөтү аяктаганда сертификатты кайра жаңылоо талап кылынат;
8.5. Жобонун 1-тиркемеде университет тарабынан таанылган эл аралык сертификаттоочу уюмдардын расмий катталган ыйгарым укуктуу тестирлөө борборлоруна барбастан, уюмдун өкүлдөрүнүн түздөн-түз көзөмөлүндө сынак тапшырбай аралыктан алынган сертификаттар жараксыз деп эсептелет.

9. ДЕМ БЕРҮҮЧҮ КОШУМЧА АКЫ АЛУУГА ӨТҮНҮЧ КЕЛТИРҮҮ

9.1. **Кызматкер кошумча акы алуу үчүн тил деңгээлин тастыктаган сертификаты ушул Жобонун 8-бөлүмүнүн баардык пункттарына жана 1-тиркемеге дал келген учурда өтүнмө бере алат:**
- Ректордун атына жазылган арыз;
- Атайын өтүнмө формасын толтуруу;
- Тил деңгээлин тастыктаган сертификат же аны күбөлөндүргөн документ;
- Тиешелүү түзүмдүн жетекчиси тарабынан сунуштама;

- Ушул жобонун 7.6. пунктунун негизинде борбор тарабынан бекитилген кошумча (зарылдыкка жараша) документтер топтому;

Өтүнүчтү кабыл алуу, четке кагуу жөнүндө же кабыл алынган башка чечимдер кызматкерге электрондук почта аркылуу кабарланат.

10. КЫЗМАТКЕРДИН МИЛДЕТТЕРИ

*Өтүнмө ээси төмөнкүлөргө милдеттүү:*

- Кызматкер жасалма документтерди же жалган маалыматтарды өтүнмө тапшыруу учурунда колдонбоого;
- Өтүнмөнү кароодон баштап тиешелүү төлөмдөрдү төлөөгө чейинки жараянда борбор менен тыгыз байланышта болууга;
- Жумуштан бошоо же түзүлгөн келишимди мөөнөтүнөн мурда бир тараптуу жокко чыгаруу чечимин борборго алдын ала милдеттүү түрдө кабарлоого.

11. КОШУМЧА АКЫ ТӨЛӨӨНҮН КҮЧҮНӨ КИРИШИ ЖАНА ТОКТОТУЛУШУ

11.1. Кызматкерге чет тилине дем берүүчү кошумча акы ректордун буйругу чыккандан кийин биринчи толук эмгек акы төлөө мезгилинин башталышында күчүнө кирет жана кызматтан кеткен учурда эмгек акы төлөө мезгилинин акыркы күнүндө токтотулат;

11.2. Ушул Жобого 7.4.пунктунун негизинде киргизилген өзгөртүүлөр, толуктоолор кызматкер менен түзүлгөн аракеттеги келишимдерге таасирин тийгизбейт;

12. ТИЛДИ ШЫКТАНДЫРУУ ПРОГРАММАСЫН КАЙРА КАРОО ЖАНА ТОКТОТУУ

12.1. Университет чет тилдерин шыктандыруу программасын убактылуу токтото туруу же токтотуу, толуктоо укугун өзүнө калтырат.

13. ДАТТАНУУ

- Кызматкер ушул Жободо көрсөтүлгөн беренелерди колдонууда ага карата негизсиз же адилетсиз мамиле жасалган деп эсептесе тиешелүү тартипте даттануу менен кайрыла алат.

№ 3438-ФХД/25 07.07.2025

**Ош мамлекеттик университети тарабынан таанылган тил деңгээлин тастыктоочу уюмдардынын тизмеси жана тил билүү деңгээлине карата кошумча акы төлөөнүн өлчөмү**

1-тиркеме

| № | Дисциплинанын аталышы | Сертификат ыйгаруучу уюмдун /сертификаттын аталышы | Тил билүү деңгээли боюнча төлөнүүчү каражаттын суммасы | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **3000 сом** | **4000 сом** | **5000 сом** | **6000 сом** | **Эскертүүлөр** |
| | | | *Жалпы европалык маалымдама алкагынын (CEFR) шкаласына ылайык* | | | | |
| 1 | | | **B1** | **B2** | **C1** | **C2** | |
| | Англис тили | International English Language Testing System-IELTS ( Academic) | 5.0 | 5.5-6.5 | 7.0-8.0 | 8.5-9.0 | |
| | | Test of English as a Foreign Language (TOEFL iBT, ITP) | 42-71 | 72-94 | 95-113 | 114-120 | |
| | | Cambridge Assessment English (PET,FCE,CAE,CPE) | PET 140-159 | FCE 160-179 | CAE 180-199 | CPE 200-220 | |
| | | Test of English for International Communication Listening and Reading (TOEIC L&R) | 550-780 | 785-940 | 945-990 | | Ушул Жобонун 6.8.-пунктуна карата колдонулат |
| 2 | Немец тили | Goethe Zertifikat | | B2 | C1 | C2 | |
| 3 | Кытай тили | 汉语水平考试 (HSK) | | | HSK 5 | HSK 6 | |
| 4 | Япон тили | Japanese Language Proficiency Test (JLPT) | | N3 | N2 | N1 | |
| 5 | Корей тили | Test of Proficiency in Korean (TOPIK II) | | 4-level 150-189 | 5 level 190-229 | 6 level 230-300 | |
| 6 | Түрк тили | Türkçe Yeterlik Sınavı (TYS) | | | C1 | | |
| 7 | Араб тили | The Arabic Language Proficiency Test (ALPT) | | | C1 | C2 | |

ОшМУнун тышкы байланыштар боюнча проректору: К.Ш. Аттокуров

Пландоо-каржылык бөлүмү: Д. Курбанбаева

Укукт иштер бөлүмүнүн башчысы: Ж. Айдарбекова

Академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнүн стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын бөлүм башчысы: Т. Папиева